*УДК: 300.372 (575.25)*

**Бекиева А.Т., «Олимп» гимназия мектеби**

# Юлдаш Амраев – кыргыз элинин чыгаан мекенчил уулу

*Бул макала кыргыз элинин чыгаан уулу Юлдаш Амраевдин мекен алдындагы аткарган зор эмгегине арналат.*

***Ачкыч сөздөр:*** *батрак, кызыл коммунист, стахановчу, гвардиялык-панфиловчу дивизия, снайпер.*

*Это статья посвящается деятельности сыну патриоту кыргызского народа Юлдашу Амраеву.*

***Ключевые слова:****батрак, красный коммунист, стахановец, гвардейская-панфиловская дивизия, снайпер.*

Улуу Ата-Мекендик согуштагы жеңиштин 70 жылдыгын майрамдоо алдында турабыз. Көп жердештерибиздин согуш мезгилинде кайсы жерлерде калганы белгисиз. Согушка чейин эл үчүн тоодой эмгек кылып, согуштун аягына чейин мекен үчүн көкүрөгүн тоскон мекенчил, чыгаан кыргыздын уулу Юлдаш Амраевдин мекенибиз, элибиз учун жасаган эмгеги унутулуп, ал тургай «Эскерүү» деген китепте анын улуту өзбек деп берилип калган.

Деги Юлдаш Амраев деген ким болгон?

Юлдаш Амраев 1905-жылы Фергана облусунун Марказ уездине караштуу Кожо-Арык айылында туулган. Анын эмгек ишмердүүлүгү төмөндөгүдөй болгон:

1917-1918жж – коомдук мал багуучу, Кожо-Арык айылы, Ноокат району
1918-1920жж – батрак, Кызыл-Кыя шахтасында жумушчу
1920-1924жж – батрак, Кожо-Арык айылы
1924-1926жж – өз айылында дыйкан
1926-1928жж – Кызыл-Кыядагы башталгыч мектепте окуган
1928-1931жж – Кожо-Арык сельсоветинин председатели
1931-1932жж – Суханинский сельсоветинин председатели
1933-1934жж – Марказ сельсоветинин председатели
1934-1934жж – Кызыл-Кыя шаарында элдик сот милдетин аткарган
1934-1935жж – Марказ селсоветинин председатели
1935-1937жж – Молотов районунун РКнын инструктору
1937-1938жж – Молотов райком партиясынын үчүнчү секретары
1938-1938жж – Молотов райондук аткаруу комитетинин председатели
1938 ж. – Кыргызстан КП(б) Ош округкомунун экинчи секретары.

1938-жылы Кыргызстан КП БК(нын) биринчи секретары Алексей Власович Ваговдун сунушу менен Ош округкомунун экинчи секретарлыгына дайындалат. 1938-жылдын күзүндө жергиликтүү кадрларды партиялык жогорку мектептерден окутуу зарылчылыгы келип чыгат. Юлдаш Амраев Москвадагы кызыл коммунисттердин жогорку мектебине жолдомо алат. Ал ошол эле мезгилде Кыргыз ССРнин Жогорку Кеңешинин 1-чи чакырылышынын депутаты катары белгилүү [1]. Анын 1940-жылы май айында мамлекеттик бюджет боюнча жасаган докладына назар салабыз. Ал жарандардын материалдык жана маданий деңгээлин жогорулатууга өзгөчө маани берет. «1940-жылы 98800 колхозчунун, жумушчунун жана советтик интеллигенциянын балдары мектеп партасына отурат. Облуста мугалимдер институту, педучилище, пахта техникуму, облустук колхозчулар мектеби ачылды. Облуста 4 колхоз театры, мамлекеттик орус жана өзбек театры, 12 кинотеатр ишке киргизилди. Ош облустунун пахтакерлери эки жыл катары менен пахта жыйым-терими боюнча биринчиликти алып жатат. Өзгөчө стахановчу Араван районунун «Ачы» колхозунан Алля Анаровду белгилей кетүүбүз керек. Быйылкы жылы мектептерди ремонттого 274 миң рубль, Ош шаарындагы мектеп курулушуна 556

миң рубль, Совет жана Гүльчө районундагы бала бакчалардын курулушуна 350 миң рубль, Төө-Моюун участкасындагы мектеп жана медициналык пункттун курулушуна 465 миң рубль бөлүндү. Ал эми облустук кеңеш үйү, атуулдук курулушка, Оштогу орус драма театрын курууну эсепке алып, жалпы 3862,7 миң рубль бөлүү каралды» [2]. ВКП(б) БКнын астындагы партиялык уюштуруучулардын угуучусу, мурдагы Кыргызстан КП(б)нын Ош обкомунун экинчи секретары Юлдаш Амраев СССР Жогорку Советинин указы менен "Ардак белгиси" орденине татыктуу болот [3]. Эгер каргашалуу согуш башталбаганда ал Кыргызстандын экономикасын өнүктүрүүгө көп күч жумшамак. Ал Москвада жүрүп согушка кетүү суранычы менен арыз жазат. Кыргызстан КП(б)нын биринчи секретары А.В. Вагов «Сиздин согушка кетишиңиз шарт эмес, сиз тылда да өзгөчө керек адамсыз. Ойлонуп көрүңүз деген сунушун айтат». "Биз согушта жеңип келсек, дагы көп жумуш жасайбыз, чиновник болгонум үчүн согуштан калуу кыргыз жигити үчүн уят, менин айылдагы досторум бардыгы калбай кетишти", – деп жооп берет. Ошентип ал кан күйгөн Батышты көздөй бет алат. 1941-жылдын башында өлүм огу аңдыган согуш талаасынан жазылган бул кат өтө кыска, бирок андап-байкаган окурманга көп нерселерге ой жүгүрткөн маани жатканы айкын болот. Тылга жолдонгон катка А.В. Вагов жетекчилигиндеги партиялаштары кандай жооп жөнөткөнү тууралуу маалымат берели:

«Саламатсыңбы, урматтуу Юлдаш Амраев!

Сага Кыргызстан КП БКнын биринчи секретары большевиктик кызуу салам жолдоп, кажыбас кайрат, фашисттик баскынчылардын ташын талкандаган эрк каалайт.

Сенин Мекен алдындагы тазалыгың жана берилгендигин, бул жалпы элибиздин патриотторунун өлкөбүзгө берген анты деп түшүнөбүз.

Өзүндүн ушул антына бекем туруп, кызыл комиссар катары кол алдындагы жоокерлерди айттырбай келген кара ниет душмандарды түп орду менен жанчып таштаганга багыт берген кайратындан жазба. Батыштан келген душманды бир кадам алдыга жылдырбай, түнү-күнү мекенге чеп болуп, аларга карата согуш техникасы менен атакага өтүп талкалагыла. Фашисттик жолбун иттерге кечирим жок.

Душмандын жолун тосконго эгер өмүр кыюу керек болсо, ойлонбостон бетме-бет чык. Силердин, 28-панфиловчу баатырлардын өлбөс-өчпөс эрдиктери башка жоокерлердин демине дем кошуп, шыктандыруучу дем болсун.

Согуш тааласындагы жан алып, кан берген алаамат жеништин туусунун колго тийүүсүн Ата-Мекен талап кылып жатат.

Сен, Юлдаш, кыргыз элинин кыраан жоокери экенинди намыскөйлүк менен аркалап, большевиктер партиясынын ишенимин актап, ошону менен бирге чалкып жаткан ыйык Ата-Мекенибизди немецтик фашисттер армиясынан тазалап, шайлоочуларындын (Кыргыз ССР ЖС депутаттыгы тууралуу сөз) да ишенимине ээ болосуң.

Биз өз учурунда өлкөбүз жана армиябыздын кубатын арттыруу учун кошумча жоокерлер менен камсыз кылууну ыйык милдетибиз катары билээриңизди бекем туюп, сени ишендирип кете алабыз.

Душмандын биротоло жер менен жексен болушу учун өлкөбүзгө, армиябызга канча нан, пахта, кант, эт, тери, снаряд ж.б. керектелишинче камдап иштей беребиз.

Кан майдандагы иштериң тууралуу жазып тур. Биздин атыбыздан куралдуу жолдошторго жалындуу салам.

Коммунисттик саламым менен Кыргызстан КП БКнын биринчи секретары А.В.Вагов» [4].

Ошол мезгилде Ю. Амраевдин Кыргызстан КП(б)нын Ош обкомунун биринчи секретары П.И. Колосовго жазган катынан мисалдар келтиребиз «Мен сиздерге гвардиялык саламымды жолдоймун, бекем тылды камсыздоодо ийгиликтерди каалаймын. Биздин гвардиялык-панфиловчу дивизиянын Ош областынан келген аскерлери өзгөчө каармандыкты көрсөтүүдө. Мисалы; Молотов районунан келген снайперчи Кулбаев 100 фашистти жок кылды, Ноокат районунан Матмусаев, Нурматов, Ахунов сыяктуу

минометчулар, Араван районунан Сарымсаков жана Алымкулов, Фрунзе районунан Сагымбаев, Өзгөн районунан Тыныбеков, Ош районунан Мирфазыев, Абдиназаров, Ош шаарынан В.И. Солдатов, Кызыл-Кыядан Митянин, Сүлүктүдөн Моназаров өзгөчө каармандык менен күрөшүүдө. Сиздер жөнөткөн белекти 31-декабрда алдык. Чоң ыраазычылык билдиребиз. Тез арада жеңишти камсыз кылууга убадабызды беребиз. Гвардиялык – панфиловчу дивизиянын саясий жетекчиси майор Юлдаш Амраев [5].

Ошентип биз сөз кылган тарыхый инсан 1941-жылдан 1945-жылдын 2-февралына чейин гвардиялык-панфиловчу аскерлерин жеңишке шыктандырып баатырдык көрсөтүп салгылашты. Ал Венгрияны бошотууда курман болуп, Капошвар областынын Дочь кыштагында коюлган [6]. Эң өкүнүчтүүсү анын өз балдары калган жок. Бул тарыхый инсан жөнүндө изилденүүчү маалыматтар али алдыда.

**Адабияттар**


1. Из партархива ЦК КП Киргизии:Личное дело Амраева Юлдаша №146, Фонд №56, Опись №4.
2. Советская Киргизия.14мая1940г. №109(3916)Прения по докладу о государственном бюджете.Речь депутата Амраева Юлдаша.
3. Советская Киргизия 2февраль1941г. №27(4138)Указ Президума Верховного Совета СССР.
4. Архив Киргизского филиала ИМЛ,фонд 56,опись 5,дело 318,лл,45-46.
5. Ленинский путь.22январь1943г. Письмо с фронта.Секретарю Ошского обкома КП(б) Киргизии тов.Колосову.
6. Документы из интернет-сайта «Обобщенный банк данных фонда Мемориал о погибших и пропавших без вести в Великой Отечественной войне»www.obd-memorial.ru.



**OSHGUBEKIEVA A.T. 2015-4, grammar school "Olimp"**
**bekieva.anara@mail.ru**


**Uldash Amraev- the great patriotic son of the кyrgyz people**


*This article deals with the great patriotic son of the кyrgyz people Uldash Amraev.*



***Key word:*** *farm labourer, red communist, stakhanovite, guard- panfilov army, sharpshooter.*